ТАРЫХ ИЛИМДЕРИНИН КАНДИДАТЫ, ДОЦЕНТ

**САТЫБАЛДИЕВА ЧЫНЫХАН ТОПЧУБАЕВНАНЫН**

07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча

**“КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТУУ КИЛЕМ ТОКУУЧУЛУК ӨНӨРҮ**

**(XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башы) “**

аттуу, тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу

үчүн жазган диссертациялык иши тууралуу

эксперттик комиссиясынын мүчөсү, тарых илимдеринин доктору, профессор

**Кайыпов Сулайман Турдуевичтин**

КОРУТУНДУСУ

**1. 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча даярдалган иштин Д.07.23.674 Диссертациялык кеңешинин кароосунда коргоо укугуна дал келиши.**

Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык Университетинин Тарых жана филология факультетинин Тарых жана философия кафедрасынын изденүүчүсү, тарых илимдеринин кандидаты, доцент Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын сөз болуп жаткан, тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн аткарган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д. 07.23.674 Диссертациялык кецешинин профилдик багытына жана 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистигинин расмий талаптарына толук жооп берет.

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Кыргыз элинин салттуу мал чарбачылыгынан өндүрүлгөн чийки заттардан (жүндөн) жиптин түрлөрүн ийрип, андан килем соккон, даяр болгон килемдерди жана килем түрүндө согулуп жасалган буюмдарды турмушта пайдаланган, соода-сатыкта колдонгон көп кылымдык тажрыйбасы али монографиялык изилдөөнүн бутасына айлана элек болчу. Кой, эчки, төөнү багуудан баштап, алардын жүнүн өз мезгилинде кыркып алуу (эчкинин тыбытын **тарап алуу**, төөнүн жүнүн [illegible] алуу

ОК: Текбулатова А. Р.

Вх. № 2024/2 от 14.05.24
Уч. секр.

деп да аташкан), алынган жүндөрдү тазартуу, жипке айландыруу, аларга керектүү өң-түс берүү, акырында, килемди килем кылып турган курамдык элементке айландыруу жана аларды максатка жараша колдоно билүү жолунда далай чарбалык, турмуштук-практикалык, ишеним-ритуалдык, көркөм-эстетикалык тажрыйбалар топтогондугун элестетүүгө болот. Килем - элдин материалдык маданиятынын эң маанилүү көрүнүштөрүнүн бири. Материалдык болуу менен бирге анын рухий, сиволикалык, этносемиотикалык мааниси да зор. Ошого карабастан, ушул кезге чейин килем жана анын даярдалышы, колдонулушу тууралуу атайын академиялык изилдөөлөр колго алынган эмес. Бул жагынан алганда, изденүүчүнүн сөз болуп жаткан диссертациялык иши кыргыз этнологиясындагы жаңы багытка чыйыр салды десе болот. Демек, диссертациялык иштин темасынын **актуалдуулугунда**, анын туура жана өз убагында коюлганында, ошону менен бирге, **жаңылыгында** шек жок.

**3. Диссертациялык иштин илимий жыйынтыктары.**

Изденүүчү өзүнүн сунуш кылып жаткан диссертациялык эмгегинде абдан татаал изилдөөчүлүк жолду басып өтүп келип, бай талаа материалдарын жыйнап, аларды сапаттык, сандык, функционалдык, диахрондук-синхрондук талдоолорго алуунун жыйынтыгында бир нече илимий-теориялык мазмундагы корутундулар чыгаргандыгын көрүүго болот. Алардын айрымдары төмөнкүлөр:

1. XX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы булактарды жыйнап, системага салып жана академиялык талдоого алуунун негизинде, килем токуу кол өнөрчүлүгүнүн кыргыз салттуу материалдык маданиятынын маанилүү бир бөлүгү экендигин тастыктады. Килем токуу идеясынын жаралышынан баштап, ага керектүү чийки заттарды өндүрүү, даярдоо, килемге айландыруу жана даяр килемди турмушта пайдалануу жүрүмүнүн материалдык, өндүрүштүк, рухий аспекттерин ачып берди. Бул – диссертациялык иштин эң маанилүү жыйынтыктарынын бири.

2. Кыргыз элинин салттуу килем жана килем түрүндө жасалган башка буюмдарын жасоодо усталардын өздөрү жашаган аймактагы табигий заттарды пайдалангандыгын, аларды өз колдору менен өндүргөндүгүн бай материалдардын негизинде ачып көрсөтө алган жана килем согуу маданиятынын кыргыз салттуу көркөм өнөрү экендиги жөнүндөгү илимий бүтүмдөрүн чыгарууга жетишкен.

3. Килем түрлөрүн жасоо жүрүмүнүн өзү ритуалдар, ишенимдер менен коштолгон маанилүү өндүрүштүк, чыгармачылык иш экендигин, усталардан жөндөм жана чеберчиликти талап кыла тургандыгын тастыктаган.

4. Килем жасоонун муундан муунга өткөрүлгөн салттуулугу жана усталардын, элдин ал салттуулукка жасаган аяр мамилеси тууралуу келтирилген маалыматтар, ой-корутундулар диссертациялык иштин башка илим тармактарындагы адистерди да кызыктырып, аларды жаңы ойлорго түртө турган жактарынан болуп саналат.

5. Диссертанттын килемдерге түшүрүлгөн көчөттөрдүн көп түрдүүлүгү, болгондо да алардын кыргыздардын өздөрү жашаган айлана-чөйрөдөн, эмгек жүрүмүнөн алынгандыгы, алардын килем соккон усталардын таланты, эмгеги менен табият, турмуш чындыгынан көркөм чындыкка айландырылгындыгы, жүрүп отуруп, кыргыз маданиятынын символдоруна, семиотикалык фондуна айланып калгандыгы тууралуу келтирилген мисалдар, ой-бүтүмдөр этнологиялык да, этноэстетикалык да маанилерге ээ.

6. Кыргыз килеминин, тарыхый-этнографиялык булак катары, элдин коңшуна жашаган башка этностор менен болгон этно-маданий байланыштарын, алардын бири-бирине болгон маданий таасирлерин изилдөөдө да колдонулушу зарыл болгон артефакт экендиги жөнүндө туура бүтүмдөр чыгарылган.

7. Изилдөөчүнүн килем согуу жүрүмүнүн, аны колдонуу салттарынын тарбиялык мааниси тууралуу айткан ойлору да көңүлгө аларлык.

**4. Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо.**

Диссертациялык иштин түзүлүшү, курамдык бөлүктөрүнүн илимий ойдун өнүгүшүнө карата жайгаштырылышы, эмпирикалык материалдарды жыйноо жана иреттөөдөн баштап, алардын жалпы салттуу маданият контекстинде талдоого алынышы, тиешелүү корутундулардын өз орду менен чыгарылып турушу, акырында маселени монографиялык усулда иликтеген академиялык эмгектин келип чыгышы анын ички биримдигинин бекемдигин жана илимий багыттын туура тандалып алынгандыгын көрсөтөт.

**5. Дисссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Диссертациялык иштен орун алган илимий жыйынтыктардын турмуштук-практикалык мааниси абдан чоң. Анын илим изилдөө жана билим берүү системаларындагы практикалык мааниси жөнүндө автор тарабынан жетишерлик деңгээлде айтылган. Аларга кошумча катары, төмөнкү ойлорду айтууга болот:

- диссертациялык иште колдонулган талаа материалдары системалаштырылып, кайра иштелип чыгылып, кыргыз салттуу килеминин өндүрүлүшүн жандандырууда пайдаланылышы мүмкүн;

- диссертациялык иштин тиркемесинде берилген фотоматериалдар кайрадан сапаттуу тартылган сүрөттөр менен толукталып, ар түрдүү максаттагы фотоальбомдор бастырылып чыгарылышы мүмкүн;

- диссертациялык иштен орун алган килем жана көчөттөрдүн реестрлери түзүлүп, алардын маданий мурастар катары сакталышы жана коргоого алынышы мүмкүн ж.б.

6. **Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Аткарылган диссертациялык иштин автореферати анын курамдык жана мазмундук түзүлүшүн толук чагылдырып турат: коюлган темасынын актуалдуулугу, иштин максат жана милдеттери, таянылган методологиялык негиздер жана колдонулган методдор, иштин негизги мазмуну, апробация маалыматтары реферат стили менен ыраattуу берилген жана эң соңунда кыргыз, орус, англис тилдеринде даярдалган, түзүлүш жана мазмун жагынан бири-бири менен бирдей аннотациялар жайгаштырылган.

**7. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы мүчүлүштүктөр жана изденүүчүгө сунуштар:**

1. Диссертациялык иштин алгачкы, бет ачар бөлүкчөсүн “**Кириш сөз**” эмес, дайыма аталып келгендей эле, “**Киришүү**” деп оңдоп коюуну сунуштайм. Анткени, бул эки аталыштын семантикалык айырмачылыктары жок эмес. Ошондой эле, тексттин аталган бөлүгүн Киришүү форматына салып чыгуу зарыл.

2. **Изилдөөнүн актуалдуулугу** негизинен туура жазылса да, кайрадан каралып чыгылышы керек. КР Президентинин Жарлыгынан алынган цитата грамматикалык жактан да, концептуалдык жактан да текстке толук коошпой турат (4-бет).

3. **Диссертациялык иштин негизги максаты** боюнча, “Кыргыз элинин салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгүн комплекстүү изилдөө” деген бир сүйлөм менен чектелүү жетишсиз экендиги көрүнүп турат. Ушул жерде, иштин этнологиялык изилдөө экендигин билдирген кыскача айтымдарга муктаждык бар. Изилдөөгө алына турган мезгил XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башы болуп жаткан соң, реконструкция маселесин да атай кетсе, максатка ылайык келмек.

4. **Изилдөөнүн теориялык жана ирактикалык мааниси** жеткиликтүү деңгээлде ачылган эмес деп эсептейм. Айрыкча, анын практикалык мааниси тууралуу сөз болгон абзаңта: “Изилдөөнүн натыйжаларын килем токуу чеберлеринин практикалык иш-аракеттеринде колдонсо болот” (8-бет) деп гана чектелүү жетишсиз. Жыйналып, системага салынган материалдардын килем өндүрүш сектору үчүн да кандай пайдаларды алып келе тургандыгы жетишерлик деңгээлде айтылышы керек эле.

5. Диссертациялык ишти артыкбаш маалыматтардан арылтуу максатында кайрадан карап чыгуу зарыл. Мисалы, экинчи баптын үчүнчү параграфында (77-92-беттер) изилдөө булагына түздөн туз тиешеси болбогон маалыматтарга көп орун берилген.

6. Композициялык жактан алганда, биринчи бап менен экинчи бапты бириктирип, кайталанган сүйлөмдөрдү кыскартып, артык баш маалыматтарды алып салып, бир бапка айландырса дурус болмок экен. Бирок, бул автордун эрки экендигин да айта кетүүбүз зарыл.

7. Ар бир баптын соңунда кыскача корутундуларга орун берип койсо, жаман болмок эмес.

8. Стилистикалык мүчүлүштүктөрдү жоюу жана колдонулушу талаштуу термин, конңепт, түшүнүктөрдү кайрадан карап чыгууну сунуштайм. Мисалы, авторлордун орус тилинен кирген “сырьё” сөзүн кыргыз тилинде “чийки зат” деп которуп жаза баштагандыктарына далай жыл болду. Диссертаңиялык иште жаңы сөз жаратуу

далалаты да бар. Алсак, килем көчөттөрүнүн эстетикалык өңүтүн белгилөөдө “көркөм-кооз” татаал сөзүн өзү жасап колдонот. Бирок, кыргыз тилинин лексика-семантикалык мыйзам ченеми мындай татаал сөздүн түзүлүшүнө жол бербейт.

9. Диссертацияны титулдук барагынан баштап аягына чейин КРнын ЖАКнын диссертацияларды тариздөө стандарттарына ылайыктап чыгуу зарыл.

**8. Изденүүчүнүн баштапкы материалдар менен таанышуунун жыйынтыктары:**

1. Диссертант өзүнүн сунуштап жаткан жумушун көп жылдан бери аткарып келе жаткандыгы көрүнүп турат. Ал кенен аймакта маалыматтарды жыйнап гана тим болбой, талаа материалдары менен бирге, архив, музей материалдарын да каттоого алган: Кыргыз Республикасынын аймагынан сырткары Орусия, Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан сыяктуу өлкөлөрдүн музейлериндеги килем жана килем буюмдары жөнүндө мааламат алып, аларды иштин жүрүшүндө колдонууга аракет жасаган.

2. Совет дооруна чейинки жарык көргөн эски басма маалыматтарын да дыкаттык менен изилдеп чыккан.

3. Советтик этнографтардын тиешелүү эмгектери менен жакындан таанышып, алардын теориялык жетишкендиктерин методологиялык негиз катары колдонууга жетишкен.

**9. Жетектөөчү мекеме, оппоненттер боюнча сунуштар:**

**Жетектөөчү мекеме** катары И. Арабаев атындагы мамлекеттик университеттин Э. Ж. Маанаев атындагы Тарых институтун сунуштайм. Аталган Институтта квалификациясы боюнча коргоого даярдалып жаткан ишке дал келген окумуштуулардын саны жетиштүү.

**10. Жалпылоочу корутунду:**

Жогоруда айтылган сын пикирлер жана сунуштар, көбүнчө, техникалык мүнөзгө ээ болуп, диссертациялык иштин илимий-теориялык жана турмуштук-практикалык маанисин жокко чыгарбайт. Аталган кемчиликтер диссертацияны

коргоого даярдоо учурунда жоюп коюуга мүмкүн болгон мүчүлүштүктөрдөн болуп саналат.

**Ушундан улам, тарых илимдеринин кандидаты, доцент Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын “07.00.07 – этнография, этнология жана антропология” адистиги боюнча “Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)“ аттуу, тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын издении алуу үчүн жазган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Коммисиясынын докторлук диссертациялар үчүн койгон талаптарына толук жооп берет жана анын автору тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.**

Диссертациялык ишти Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д. 07.23.674 Диссертациялык кеңешинин отурумунда ачык коргоого татыктуу деп эсептейм.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү,**
**КРнын илимине эмгек сиңирген ишмер,**
**тарых илимдеринин доктору, профессор** **Кайыпов С. Т.**

**Кайыпов Сулайман Турдуевичтин**
*колун тастыктаймын*

Кадрлар боюнча инспектор
14.05.2024